**КЛАССТАН КЛАССКА КӨЧҮРҮҮ СЫНАГЫН ӨТКӨРҮҮГӨ НУСКАМА**
**(5-6-класстарга)**

| | |
|---|---|
| 1-субтест. Лексика. Грамматика. **(15 мүнөт);**<br>2-субтест. Окуп түшүнүү **(20 мүнөт);**<br>3-субтест. Угуп түшүнүү **(15 мүнөт);** | 4-субтест. Жазуу **(30 мүнөт);**<br>5-субтест. Сүйлөө **(10 мүнөт).**<br>Сынактан өткөн окуучулардын санына жараша “Сүйлөө” субтесттин өткөрүү убактысы бир жарым саатка чейин созулат. |

**Сынактын жалпы убактысы – 100 мүнөт (1 саат 40 мүнөт)**

Сынак тил билүү деңгээлин аныктоого багытталган: **А1, А2 деңгээлдери**

Деңгээлди диагноздоо максатында бардык субтесттердин тапшырмалары эки бөлүктөн турат. Субтесттердин 1-бөлүгү **А1** деңгээлин, 2-бөлүгү **А2** деңгээлин аныктайт. Сынак стандартка ылайык жана А1, А2 деңгээлдеринин лексикалык минимумуна ылайык кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн, белгилүү лексикалык жана грамматикалык материалды колдоно билүүсүн текшерет.

**А1 тести – 50 упайга, А2 тести – 50 упайга бааланат**.

| деңгээл | Лексика-грамматика (20 упайдан) | Окуп-түшүнүү (20 упайдан) | Угуп түшүнүү (20 упайдан) | Жазуу (20 упайдан) | Сүйлөө (20 упайдан) | Жалпы упайлар 100 упай | Тест боюнча жалпы жыйынтык (>= 75%) | Деңгээлге жетишүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| А1 | 10 | 10 | 10 | 10 | 10 | **50** | >= 75% | >= **37.5** упай деңгээлге ээ |
| А2 | 10 | 10 | 10 | 10 | 10 | **50** | >= 80% | >= 40 упай деңгээлге ээ |
| баары | 20 | 20 | 20 | 20 | 20 | **100** | >= 77.5% | **>= 77.5** упай деңгээлге ээ |

**СЫНАК АЛУУЧУ МУГАЛИМГЕ**

Сынактын башталышында мугалим нускама өтүүгө атайын убакыт бөлөт, сынакка келген окуучулардын суроолоруна жооп берет.

Сынак боюнча иштин башталышы менен аякталышы сынак алуучу тарабынан тактада белгиленип жана окуучуларга айтылып турат. Тесттик тапшырма аткарууга белгиленген убакыт бүткөндө сынак аяктайт, тест материалдарды мугалим жыйнап алат.

Сынак алуучу мугалим тесттик тапшырмалар аткарылып жаткан убакта байланыш каражаттарын алып жүрүүгө, сынак тапшырып жаткандарга жардамдашууга тыюу салынат.

**Сынакты өткөрүү сценарийи**

1. Сынактын максатын белгилеп, күтүлүүчү натыйжаларды билдирет.
2. Эмне үчүн бардык күчүн тесттик тапшырма аткарууга жумшаш керектигин окуучуларга түшүндүрөт.
3. Тест иштерине нускамаларды жай, катуу, так айтып берет.
4. Ар бир субтестке киришерде нускаманы туура түшүнгөндөрүн текшерүү максатында үлгү тапшырмаларды ГАНА талдайт. Үлгү тапшырмалар апрель айында өткөрүлөт.
5. Жооптордун матрица барагын (бланкын) кантип толтуруу жана ката кетирип алса, барактагы катаны кантип ондоо жөнүндө түшүндүрөт.

- Туура жооп, төмөнкүдөй белгиленет:

Мисалы:

- ❑ А Б В Г (Б – туура жооп)

- Эгерде жаңылып калса, жооп мындай ондолот:
  - ❑ А Б В Г (Б- ката жооп).

6. Жумушчу матрицанын барагындагы керектүү маалыматтарды (аты-жөнү, мектеби, классы, мугалими, жазган күнү) окуучулар менен бирге толтуруп, тууралыгын байкап турат.
7. Берилген суроолорго жооп берет.
8. Ар бир тесттин башталышына команда берип, башталышы менен бүтүшүн тактага жазып турат.
9. Тесттик тапшырма аткаруу процессинде төмөнкүлөрдү байкап турат:

— окуучулардын абалын;
— тест өткөрүүнүн процедурасына байланыштуу суроолоруна окуучулар өз убагында жооп алышын;
— убакытты;
— окуучулар тесттин бланктарына эмес, текшерүү матрицага жазышын;
— окуучулар бири-бирине жолтоо болбошун;
— сырткы кандайдыр бир факторлор окуучулардын көңүлүн алагды кылбашын;

10. Ар бир субтесттин аякталышына 5 мүнөт калганда окуучуларга эскертип турат.
11. Кийинки субтестке өтөрдөн мурун аткарылган тесттик тапшырманын бланктарын чогултуп алат.
12. Жыйналган бланктардын саны менен тесттен өтүп жаткандардын саны туура келишин тактап санайт.
13. Туура келбей калган учурда тесттен өтүп жаткандарга кайрылып, алар өз жумушчу орундарын текшерип, тапшырылбай калган барактарды таап, тапшырышын өтүнөт.
14. Сынак аяктаганда тесттен өткөндөргө ыраазычылык билдирет, чыгууга уруксат берет.

**УГУУ боюнча эскертүү!** Угуу тестинде аудио уктуруу 2 гана жолу угузулат. Угуу үчүн текстке (фонограмма) шилтеме мугалимде гана болот. Текстти биринчи жолу укканда окуучулар жөн гана угушат. Бул тексттин негизги кабылдоосу, балдар тексттин маанисин угуп, түшүнүшү керек. Экинчи жолу окугандан кийин, окуучулар тапшырмаларды карап, жоопторду белгилешет. Ар бир кырдаалды окуп бүткөндөн кийин, тапшырманы аткарууга убакыт берилет. Андан кийин гана кийинки кырдаал же текст уктурулат.

**ЖАЗУУ боюнча эскертүү!** Окуучулар бардык тапшырмаларды өздөрү аткарууга тийиш. Мугалим, тест жазылып бүткөндөн кийин гана текшерип, баалай алат. Окуучуга эч кандай көмөк көрсөтпөйт. Жазуу субтестинде мугалим окуучуга жетектөөчү суроолорду бербейт, окуучунун жазгандарын мимика, жаңсоолор менен кубаттабайт. Мугалим жоопторду критерийлер менен гана баалайт.

**СҮЙЛӨӨ боюнча эскертүү!** Эгерде окуучу жооп бере албаса, кийинки суроого же бөлүккө өтөт. Мугалим окуучуга сабак учурунда жардам берген сыяктуу жардам берүүгө болбойт. Тапшырманы да түшүндүрүү сунушталбайт. Тапшырманы окуучу өзү окуп, кантип аткаруу керектигин түшүнсө, өзү аткарып баштаса гана, окуучунун сүйлөө көндүмү калыптанганы аныкталат. Сүйлөө субтестинде мугалим окуучуга жетектөөчү суроолорду бербейт, мимика, жаңсоолор менен жоопторду кубаттабайт. Мугалим унчукпай угат, жоопторду критерийлер менен гана баалайт.

## ТЕСТТИК ТАПШЫРМАЛАРДЫН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫН ЫЛГОО ЖАНА БААЛОО

Окуучу тесттин кайсы бир бөлүгүн бөлүнгөн убакытта аткарган эмес болсо, бул бөлүктү баалай турган упайлар кемитилет.

Сынактын жыйынтыгын баалоо эки деңгээлге бөлүнөт: канааттандырарлык жана канааттандырарлык эмес. Мында упайлар төмөнкүдөй бөлүштүрүлөт:

| **Субтест** | **Деңгээлдер**<br>(көрсөткүчтөр упайлар менен) | |
|---|---|---|
| | **Канааттандырарлык** | **Канааттандырарлык эмес** |
| **Лексика-Грамматика.** | **A1** 7 – 10 (75%-100%)<br>**A2** 8 – 10 (80%-100%) | 7 ден аз (75%дан кем)<br>8 ден аз (80%дан кем) |
| **Окуп түшүнүү** | **A1** 7 – 10 (75%-100%)<br>**A2** 8 – 10 (80%-100%) | 7 ден аз (75%дан кем)<br>8 ден аз (80%дан кем) |
| **Жазуу** | **A1** 7 – 10 (75%-100%)<br>**A2** 8 – 10 (80%-100%) | 7 ден аз (75%дан кем)<br>8 ден аз (80%дан кем) |
| **Угуп түшүнүү** | **A1** 7 – 10 (75%-100%)<br>**A2** 8 – 10 (80%-100%) | 7 ден аз (75%дан кем)<br>8 ден аз (80%дан кем) |
| **Сүйлөө** | **A1** 7 – 10 (75%-100%)<br>**A2** 8 – 10 (80%-100%) | 7 ден аз (75%дан кем)<br>8 ден аз (80%дан кем) |

Төмөнкү натыйжаларды көрсөткөн окуучулар тестти ийгиликтүү аткарган болуп саналат: А1 тести боюнча **канааттандырарлык** деңгээл – 35 упай (тесттин баасынан 75%),
А2 тести боюнча **канааттандырарлык** деңгээл – 40 упай (тесттин баасынан 80%),

**Тесттин максаты:**

**Лексика-грамматиканын деңгээлинде** – А2 деңгээлинде “Мамлекеттик билим берүү стандартына” ылайык окуу, окуу-илимий, кесиптик чөйрөлөрдө белгилүү коммуникативдик тапшырмаларды чечүү үчүн керектүү тилдик билгиликтин деңгээлин аныктоо ишке ашат.

**Лексика-грамматиканы тестирлөөнүн процессинде төмөнкүлөр текшерилет**:
- контекстте жөндөмө категориясын (этиштик жана заттык башкаруу) туура колдоно билүүсү;
- жөнөкөй сүйлөмдүн түзүлүшүн, ээ менен баяндоочтун катышын билүүсү;
- берилген контекст боюнча этиштин чактарын туура колдоно билүүсү;
- синтаксистик синонимиянын көрүнүштөрүн (жөнөкөй сүйлөмдөрдү) туура колдоно билүүсү;
- лексикалык бирдиктердин маанисин ажыратып билүү жана берилген контекстте аларды (мааниси боюнча уңгусу бир этиштердин лексика-грамматикалык топтору) колдоно билүүсү.

**Окуп түшүнүүнүн деңгээлинде** – когнитивдик мүнөздөгү белгилүү баарлашуунун маселелерин чечүү үчүн окуп түшүнүүдөгү кептик ык-көндүмдөрдүн деңгээли текшерилет. Окуп түшүнүүнү тестирлөө учурунда төмөнкү ык-көндүмдөрү текшерилет:
- Ар кандай типтеги социалдык-маданий багытталган тексттерди окуу жана алардан баарлашуунун маселелерин чечүү үчүн керектүү маалыматты табуу;
- Тексттеги маалыматты (таанышып окуудагы) толук жана так түшүнүү, автордун коммуникативдик каалоо-ниетин туура түшүндүрүү;

- Тексттеги маанилүү бөлүктөрдү таап, алардын семантикалык, түзүлүштүк уюштуруусун жана коммуникативдик багытталышын табуу;
- Мазмундук бөлүктөрдө негизги жана кошумча (конкреттештирилген, сүрөттөөчү) маалыматты (таанышып окууда) табуу;
- (таанышуу окуудагы) тексттин жалпы мазмунун түшүнүү;
- (издөө окуудагы) маалыматты максаттуу издөө;
- Окуунун ар кандай багыттарын жана ыкмаларын, ошондой эле окуп түшүнүүнүн ар кандай түрлөрүн (изилдөө, таанышуу, издөө жана бириктирилген) колдонуу.

**Жазуунун деңгээлинде** – кептин түрүнө ылайык жазуу кебинин кептик көндүмдөрдөрүнүн деңгээли текшерилет. Жазуу тести маалыматты жазуу түрүндө берүү үчүн керектүү кептик көндүмдөрүн текшерет; коммуникативдик багытка ылайык келген кээ бир маалыматты жазышат.

**Угуп тушүнүүнүн деңгээлинде** – монолог формасында гуманитардык тармактан берилген текстти угуп түшүнүү үчүн керектүү көндүмдөрдүн деңгээлин баалайт.

**Сүйлөөнүн деңгээлинде** – окуу, окуу-маданий баарлашуу чөйрөсүндөгү, түрдүү кырдаалдарда монолог жана диалог кептеринде коммуникативдик билгичтиктин калыптандыруусу текшерилет.

Диалог кебинде төмөнкү көндүмдөр текшерилет:
- жогоруда көрсөтүлгөн баарлашуу чөйрөсүнө актуалдуу ролдордо сүйлөп чыгуусу;
- керектүү маалыматты түшүнүү, сурап билүү, тактоо жана айтып берүүсү.

Продуктивдүү монолог кебинде өздүк аралаш типтеги (аңгемелешүүнүн элементтери менен билдирүү, баяндоо-аңгеме тексти) сүйлөө көндүмдөрү текшерилет.

**Экзамендин жыйынтыгын «баага» айландыру:**

| **Баасы** | **Упайлары** |
|---|---|
| «5» деген баа | 80 – 100 упай |
| «4» деген баа | 60 – 79 упай |
| «3» деген баа | 40 – 59 упай |
| «2» деген баа | 0 – 39 упай |